**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

*Кептик тема: Кесип тандоо оңойбу?*

*Грамматикалык материал: Зат атоочтун табыш жөндөмөсү*

*Кубанычбек кызы Калия*

*2018-2019-окуу жылы*

| | |
|---|---|
| **Сабактын**<br>**Кептик тема:**<br>**Грамматикалык материал:** | <br>**Кесип тандоо оңойбу?**<br>**Зат атоочтун табыш жөндөмөсү** |
| **Сабактын максаттары / күтүлүүчү натыйжалары**<br>1. Тилдик | <br>Тил бирдиктерин түшүнөт жана кепте тилдин грамматикалык эрежелерине ылайык колдоно алат. Сүйлөмдөрдү туура түзөт, туура сүйлөйт. Табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн жаңы сөздөргө улап айтат. |
| 2. Кептик / карым-катыштык | Жаңы сөздөрдү колдонуп, билген сөздөрүн колдонуп, теманы аныкташат. Мурда өздөштүргөн орфографиялык көндүмдөрүнө таянып, сөз айкашы, сүйлөм түзө алышат, өз оюн эркин билдире алышат. |
| **3.** Социомаданий | Ар бир кесип ардактуу экенини баамдап, кесип тандоо оор тандоо боло турганын билишет, топто иштөөгө, бири-биринин оюн угууга тарбияланышат. |
| **Сабактын тиби: Жаңы материалды өздөштүрүү**<br><br>**Сабактын ресурсары:** | **Сабактын формасы: Топтордо иштөө**<br><br>**ОТК – окутуунун техникалык каражаттары: проектор, ноутбек, түстүү сюжеттик сүрөттөр, карточкалар.** |

| **Сабактын этаптары** | **Мугалимдин ишмердүүлүгү. Окутуучу жана өнүктүрүүчү компоненттери, тапшырмалар жана көнүгүүлөр**<br>(ар биринин убактысы көрсөтүлсүн) | **Окуучулардын ишмердүүлүгү. Сабакта өз ара аракеттерди уюштуруунун формалары** | **Күтүлүүчү натыйжаларга дал келүүсү** | **Көзөмөлдөө формасы** |
|---|---|---|---|---|
| **1.Окуу ишмердүүлүгүнө мотивдештирүү** | *Окуучулардын сабакка даярдыгын текшерем, сабактын темасын жана планын айтам. Максаттары менен тааныштырам:*<br>*1. Жаңы сөздөрдү үйрөнөбүз. Билген сөздөрдү активдүү колдонобуз.*<br>*2. 2 топко бөлүнүп иштейбиз.*<br>*3. Текст менен таанышабыз, ой жүгүртөбүз, талкуулайбыз.*<br>*4. Суроолорго жооп беребиз.*<br>*(3 мүнөт)* | *Сабактын темасын жана планын дептерге кыскача жазып алышат. Жекече иштешет* | *Мотивация учурунда тема боюнча билимдин маанилүүлүгүн түшүнүшөт.* | *Дептерге жазышат/ Оозеки сурайм.* |
| **2.Билимдерин актуалдаштыруу** | 1. Кырдаалдык көнүгүү. Окуучулардан алардын маанайы кандай экени тууралуу сурайм.<br>(2 мүнөт) | 1. Окуучулар өзүлөрүнүн маанайы тууралуу айтып беришет. “Сөз ула” чынжырча оюну аркылуу ишке ашат | Бири-биринин маанайы менен таанышышат. | Оозеки сурайм.<br><br>Оозеки сурайм. |
| **3. Жаңы материалды өздөштүрүү** | *1. Текстте кездешүүчү жаңы сөздөр менен тааныштырам. (сүрөттөр, демонстрация,синоним ж.б.) 4 мүнөт)*<br>*2. Окуучулар сабакта эмне жөнүндө сөз боло турганын божомолдошот.*<br>2.1. 49-көнүгүү, Таяныч сөздөрдү пайдаланып, сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.<br>Мугалим балдарды ... .<br>Дарыгер адамдарды ... .<br>Адамдар кесипти ... .<br>Окуучулар мугалимди ... .<br>Оорулуу адамдар дарыгерди ... .<br>Мугалим дептерлерди ... .<br>Дарыгер оорулуу адамга рецепти ... .<br>**Колдонулуучу сөздөр:** берет, текшерет, угушат, сыйлашат, тандашат, дарылайт, тарбиялайт.<br>(7 мүнөт) | *1. Окуучулар жаңы сөздөр менен таанышышат.*<br><br>2. Теманы божомолдогула деген тапшырма берилет.<br>2.1.Окуучулар китептеги 49-көнүгүүнү жазуу түрүндө аткарышат. Жекече иштешет. | Ой жүгүртүшөт.<br><br>Табыш жөндөмөсү боюнча алган билимдерин өркүндөтүшөт. | Оозеки сурайм.<br><br>Оозеки<br><br>Дептерге жазышат, жообун окуп беришет.<br>Дептерге жазышат, жообун окуп беришет.<br>Экрандан текшеребиз. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 3. *Тексттин 1-тынымдын тапшырмалары менен берем. (1-тиркеме) (7 мүнөт)*<br><br>4. *Тексттин 2-тынымдын тапшырмалары менен берем. (2-тиркеме) (7 мүнөт)* | Окуучулар текстти өз алдынча окушат, топто талкуулашат, суроолорго жооп беришет. Окуучулар окуянын кандай уланышы боюнча божомол жазышат. Экиден аргумент келтиришет.<br><br>Окуучулар текстке карата сүйлөм түзүшөт. Башка топко суроо беришет. | Тексттеги жаңы сөздөздөрдүн маанисин түшүнүшөт. Топтун ар бир мүчөсү иштейт.<br><br>Топто иштешет. Суроо түзүүгө көнүгүшөт. | Оозеки аткарышат. Ватманга жазышат. Тактага илишет. Дептерге жазышат.<br><br>Оозеки жооп беришет. |
| **4. Өтүлгөн материалды бышыктоо** | 1. Тексттин мазмуну боюнча “Чынаркан китеп түш көрбөсө, кайсы кесиптин ээси болмок?” деген эки ойдун бирөөсүн тандап аргумент жазуу тапшырмасын берем. (7мүнөт)<br><br>7 Төмөнкү үлгүгө таянып, силерге кайсы кесип жакса, ошол кесип жөнүндө жазгыла.<br>Жооп берүү үчүн сүйлөмдөрдү төмөнкү сөздөр менен баштайбыз.<br>Менин оюмча, ... .<br>Биринчиден, ... .<br>Экинчиден, ... .<br>Демек, ... .<br>(5) | Окуучулар тексттин мазмуну боюнча “Чынаркан китеп түш көрбөсө, кайсы кесиптин ээси болмок, мүмкүн дагы башка кесиптин ээси болмок” деген ойдун бирөөсүн тандап аргумент жазышат.<br><br>Өз ойлорун оозеки гана айтпастан, жазууга да үйрөнүшөт. Жазуу түрүндө да бере алышат. | Ой пикирлерин аргумент менен тастыктап сүйлөөгө көнүгүшөт.<br><br>Жекече | Ватманга жазышат.<br><br>Карточкаларга жазышат, анан окушат |
| **5. Сабактын жыйынтыгы. Рефлексия** | 1. Окуучулардын ишмердүүлүгүн баалайм. Кайтарым байланыш (2 мүнөт). | 1. Окуучулар алган билимдеринин негинде бааланышат. | Өзүн обьективдүү баалаганга үйрөнүшөт. | Оозеки бааланышат. |
| **6. Үй тапшырмасы** | 1. Үй тапшырмасы берилет. (1 мүнөт) | 1. Окуучулар тапшырманын шарты менен таанышышат. | Сабакта алган материалын үйдөн бышыкташат. | Жазуу түрүндө аткарышат. |

1-тиркеме:

Чынаркандын түшү

1-тыным

Чынаркан «чоңойгондо кандай адам болсом» деп кыялдана берди. «Комузчу болсомбу... Мугалим болсомбу...».

Бир кезде: «колумдан эч нерсе келбеген жалкоо болуп калсамчы?..»,– деп ойлоп алып, чоочуп кетти. Анан бул оюн чоң атасы Жакыпка айтты. Чоң атасы сергек кызынын бул сөзүнө ыраазы болуп, тамашалап минтти:

– Сен түндө жаздыгыңдын астына комуз, китеп, анан нан коюп укта. Макулбу? Түшүңө эмне кирсе, чоңойгондо ошондой болосуң...

кыялдана – мечтая

сергек – чуткий

чочуп кетти – испугалась

тамашалап – шутя

1) Чынаркан эмне деп кыялданчу эле?

2) Өзүнүн оюн кимге айтты?

3) Чоң атасы эмне деп тамашалады?

2-тиркеме

2-тыным

Чоң атасынын бул тамаша сөзү Чынарканды аябай ишендирип таштады. «А кокус, комуз да кирбей, китеп да кирбей, нан кирсечи?..»,– деп тынчсызданып жатып уктап кетти.

Түшүндө ал экинчи класстын «Эне тили» китебин көрдү. Эртең менен эле муну чоң атасына айтып берди. Чоң атасы кызынын түшүн жоруп:

– Түшүңө китеп кирсе, чоңойгондо мугалим болот экенсиң,– деп эркелетти. Андан бери далай жылдар өттү. Айткандай эле, Чынаркан чоңоюп, жогорку окуу жайын бүтүрүп, мугалим болду. Азыр экинчи классты окутат.

С. Рысбаев

ишендирип – убеждая

түшүн жоруп – объясняя значение сна

тынчсызданып – беспокоясь

далай – много

1) Чоң атасынын сөзү Чынарканга кандай таасир берди?

2) Чынаркандын түшүнө эмне кирди?

3) Ал чоңойгондо ким болду?

4) Кесип тандоо оңойбу? Эмне үчүн?

Ачык сабактагы сүрөтүмдөр:







